Бекитемин

Мектептин директору ______

Осмоналиева Т.А.

«01» ___09___ 2021-ж

С.С.Усубалиев атындагы ЖОББ мектебинин "Ишеним почтасынан» жобосу

1.1 Окуучулардын укугун коргоо, психикалык педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында, «Балдардын укугун коргоо конвенциясынын» негизинде мектепте «Ишеним почтасы» уюшулган.

1.2 «Ишеним почтасы» окуучулардын сабак убагындагы жана мектептен сырткары убактагы коопсуздугун камсыздайт.Бул окуучуларды кызыктырган суроолорго ишенимдик турдө жооп алууга шарт түзүп берүүчүт иш –аракеттердин топтому.

«Ишеним почтасынын» максаттары

2.1 Окуучулардын билдирүүлөрүн, калоо-тилектерин, өтүнүчтөрүн, сунуштарын анонимдүү кабыл алуу жана анализ жүргүзүү.

2.2 Тигил же бул себептерден улам ачыкка чыкпай турган маалыматтарды изилдеп, колдоо көрсөтүү.

2.3 Окуучулардын мектеп админстрациясы, мугалимдер ортосундагы тоосколдуктарга бөгөт коюу менен окуучуларга психикалык-педагогикалык жардам көрсөтүү.

Материалдык техникалык камсыздоо

«Ишеним почтасы» максаттуу,эффективдүү иш алып баруусу учу төмөндөгү шарттар аткарылат.

3.1Материалдык- техникалык каражаттар

- Катар үчүн кутуча
- Маалыматтарды көрсөтүүчү такта

3.2 – «Ишеним почтасы» 1-этажда орнотулган

«Ишеним почтасынын» иштөө эрежелери.

4.1 Окуучулар кайрылууларды кутучага салышат ( классын,фамилия, атын жазуунун кажети жок ) анонимдүүлүк сакталат, окуучу маалыматы так болушу үчүн.

4.2 Кайрылуу жазган күнүн, айын жазуусу керек.

4.3 БӨҮ уюмунун жетекчиси,соцпедагог жана мектеп парламентинин мүчөлөрү менен бирдикте ,белгиленген убакта (бир айда бир жолу) кутучаны ачып, каттар менен таанышып, анализдеп, жоопторду даярдашат.

4.4 Окуучуларга жалпы маалымат алуусу үчүн жооптор залдагы стендге жайгаштырылат.

AnyScanner